*Издания для учителей*
*28.03,2014*
***Сулайман Рысбаев, профессор***

## Сөздүн сыры, ойдун сыры – табышмак

Албетте, сөз-ойдун чындыгы, ойдо эмне болсо, ал сөз болуп жаралат жана бизге сөз болуп угулат, сөз болуп окулат. Ойдо жок жерден сөз жаралбайт. Бул-кадимки эле, «казанда болсо, чөмүчкө урунат» дегенге окшош кеп.

Ой - кулукка угулбаган сөз. Бирок ошол кулакка угулбаган сөздү да угуп койгон кулактар болот, көз менен көрүп окууга болбогон ойду да окуп койгон көздөр болот. Бул- адамдагы анык эле керемет туюм: айта элек оюнду угуп, көңүлүңдү алгандарың болот, айтпаган жан сырыңды сезген, аны илип алып алдыңа аркыт болуп төшөлгөн жан бирге адамдарың болот, андайлардан айланса болот. Анткени, кээде айтып жатсаң укпаган кулактан, көргөзүп жатсаң көрбөгөн көздөн көрөкчө, алиге айтыла эле сөзүңдү угуп, көрсөтө элегиңди көрүп-туюп койгон керемет кулактар менен көздөр кандай гана укмуш!

Кээде айтпай койгон сырыңды билип алып, жан дүйнөңө бүлүк салган сырты жалтырак, ичи калтырактар да болбой койбойт, андайлардан сактан, бурадарым, аларга ар дайым даяр бол. Кээде оюң менен сөзүңдү түшүнбөй бушайманга салган жан жолдошуң да болот, андайларга да даяр бол, анткени ойдун гана эмес, тушмуштун да табышмагы көп.

Ушунун өзү-ойдун сыры, ушунун өзү-сөздүн сыры-демекчимин. Ойдун сырын сезүү- сөздүн сырын сезүү демекчимин.

Сөздүн сыры менен ойдун сыры-каякта «жашайт? -деген суроо койгум келет.

Чын эле ойдун сыры кайда жашайт? Албетте, ой сыры сөздө жашайт. Ал сөз-табышмак. Табышмак ойдун сырын жашыруу менен өзгөчөлөнөт, ошону менен жашайт. Жанагы айткандай, ойдун сырын билгендер-сөздүн сырын, демек, табышмактын сырын билишет, табышат, анын түйүндөрүн чечишет.

Ойдун сыры-тереңде. Анын тереңин баамдабаган адам-аны камгак сындуу сөздүн үстүнөн» издешет, антип сөздүн сырын чечүүгө болбойт. Ошон үчүн айтат да: «Ой түбүндө алтын бар, ойлой келсең табасың» - деп.

Эмесе, ой сырын чечүүсү, сөз сырын табуучу, сөзгө маани берип, анын табышмактарына кызыккан жарандар үчүн деп, төмөндөгү ой жүгүртүү табышмактарын эл ичинен жыйнап койдум, эл өзүнүн ойлогон оюн, табышмак кылып каткан өзү тапсын - дедим.

Анда «ой түбүндөгү алтындарды» издениз, ой сырын казыңыз, сөз сырын табыңыз, окурман.

Төмөндө логикалык табышмактарды сунуштадык:

1.Көзүн ачыкта эмнени көрө албайсын?
2.Эмне дайыма көбөйөт, эч качан азайбайт?
3.Эки күн катары менен жамгыр тынбай жаайбы?
4. Ойгон сайын чоңоёт, кескен сайын кеңейет.
5. Кайсы убакта «ооба» деп жооп айта албайсың?
6.Бөлкөнү үч бөлүккө бөлдүк. Канча жолу кесебиз?
7.Үйгө конок келди. Муздаткычта сүт, айран, шире бар. Кайсыны биринчи ачасыз?
8.Тоок беш жашка чыкканда эмне болот?
9.Кызыл топ Кара деңизге түшсө эмне болот?
10.Ким отуруп жүрөт?
11.Жарым апелсин эмнеге окшош?
12.Бакта сегиз орундук бар. Анын үчөө сырдалды? Канча орундук калды?

13. Асманда топ өрдөк учуп баратат: бирөө экөөнүн алдында, экөө бирөөнүн артында, анан үчөө катар учуп баратат. Асманда канча өрдөк учуп баратат?

14. Кайыңда беш бутак бар, ар бир бутагында алтыдан алма бар. Баары канча алма?

15. Кайсы суроого «жок» деп жооп бере албайсын?

16.Эки жолу төрөлүп, эки жолу өлгөн жаныбарлар кайсылар?

17.Үйгө эмне үчүн барабыз?

18. Чайды эмне үчүн ичебиз?

19. Жигит досуна жолугуп калат, жанындагы кишини мынтип досуна мынтип тааныштырыптыр: «Мунун апасы –менин апамдын кайненеси». Алар бири-бирине ким болушат?

20. Белгисиз кишини бирөөгө тааныштырат: «Тиги эки кишинин бири улуу, экинчиси –кичүү, кичүүсү -улуусунун баласы, а улуусу-баланын атасы эмес. Ал ким болот?

21. Аки таштан там+ак болобу?

22.Уй эмне үчүн жатат?

23. Тоонун башында, көлдүн ортосунда, суунун аягында эмне бар?

24. Негр менен орустун жаңы туулган баласынын кайсынысынын тиши ак болот?

25. Мергенчи өрдөк атса, асмандан карга түшүптүр. Бул кандайча?

26. Асмандан кар+төшкө жаайбы?

27. Канчалык көп туз салсаң да, тузу өтпөгөн тамак кайсы?

28. Эмнени даярдап, бирок жешке болбойт?

29. Аппак болсо-кир дейбиз, капкара болсо-таза дейбиз?

30. Былтыркы жааган карды быйыл табууга болобу?

**Табышмактардын жандырмактары мындайча** (жандырмактар табышмактардын ирети менен берилди): көзүң ачыкта, ойгоо кезиңде түш көрө албайсың; адамдын жаш-курагы дайыма көбөйөт, азайбайт; жамгыр эки күн катары менен тынбай жаабайт, анткени ортосунда түн бар; жер төлө, орусчасы- погреб; уктап жатканда эч кандай суроого «ооба» деп жооп айта албайсың; эки жолу кесебиз; биринчи иретте, муздаткычты ачасыз, андан кийин каалаганыңызды ачасыз; таок бешке чыккан соң, алты жашка чыгат; эч кандай түсү өзгөрбөйт, суу болот; шахматчы отуруп жүрөт; жарым апелсин апелсиндин жарымына окшош болот; -сегиз бойдон калат; асманда үч гана өрдөк учуп баратат; бул жерде катар учуп бараткан өрдөктөрдү түрдүү абалда гана айтып жатат; кайыңда алма байлабайт; сен түрүүсүңбү-деген суроого адам эч качан «жок» деп жооп айтпайт; таок менен жөжөсү, анткени, адегенде, жумуртка болот, андан кийин жумурткадан жөжө чыгат, биологиялык абалы өзгөрөт; үй бизге келбейт, ошон үчүн адам үйүнө барууга аргасыз; чай чайналбайт, ошон үчүн ичет; алар бири –бирине ата-бала болушат, анткени атасынын апасы-баласынын апасына кайнене болот; анда эгер атасы болбосо, апасы болот да; аки таш менен акилегенде, там ак болот, бул жерде табышмакты айтып жатканда, там жана ак деген эки сөздү бөлбөй, айтылышына карата тамак деп чогуу айтат, уккан адамды жаңылтат; уй отура албайт, ошон үчүн жатат; тоонун башында **т** тамгасы, көлдүн ортосунда **ө** тамгасы, суунун аягында **уу** созулма тыбышы бар; жаңы туулган балада эч кандай тиш болбойт; албетте, асмандан өрдөк атса, ал жердеги жааган карга түшөт; албетте, кар төшкө жаайт, бул жерде да айтуучу кар жана төшкө деген эки сөздү айтылышына жараша бөлбөй бирге айтып, уккан адамды жаңылтат; кабыгы менен кайнатылган жумуртка, ага канчалык көп туз салсаң да, ичине туз өтпөйт; сабакты даярдайт, бирок ал тамак эмес, жебейт; класстагы такта; 31-декабрда жааган карды 1-январь күнү табууга болот.

Ушундай.

Демек, мындай логикалык, т.а., риторикалык табышмактар адамдан, биринчиден, ой жүгүртүүнү, экинчиден, сөздүн маани-маңызын так түшүнүүнү, үчүнчүдөн, катылып жаткан ой сырын табууну талап кылат.

Ой сырын табуу, сыртынан татаал болгону менен, ойлой келсеңиз жөпжөнөкөй эле. Кээсине бир сөз менен, кээсине бир тамга менен эле жооп табууга болот. Андагы ой сыры, адегенде, көлдөй терен көрүнөт, жүрөксүнбөй кече келсеңиз- кашыктагы суудай эле тайыз көрүнөт.

Ал үчүн оюңуз күлүк, кыялыңыз бай, сөзүңүз курч, чабытыңыз кенен, далилдериңиз бийик болуусу керек!